***DOI:10.26104/NNTIK.2023.99.33.042***

*Маматова Асылкан*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖАЗУУГА ҮЙРӨТҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Маматова Асылкан*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ОБУЧЕНИЯ ТВОРЧЕСКОМУ ПИСЬМУ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

*Asylkan Mamatova*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS FOR TEACHING CREATIVE WRITING TO ELEMENTARY SCHOOL STUDENTS

*УДК: 37:371.3:894.341*

*Макалада башталгыч класстын окуучуларын чыгармачыл жазууга үйрөтүү маселелери иликтөөгө алынды. Изилдөөнүн предмети катары окуучулардын чыгармачыл жазуусу каралды. Бул багыттагы көйгөйлөр аныкталып, аларды чечүүнүн педагогикалык шарттары белгиленди. Мугалимдерге методикалык жардам катары башталгыч класстарда окуучулардын чыгармачыл жазууларын калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча жүргүзүлүүчү иштердин этаптары, баскычтары, анда жүргүзүлүүчү жумуштардын түрлөрү көрсөтүлдү. Чыгармачыл жазуу иштеринин даяр үлгүлөрү менен иштөө, таяныч үлгүлөр менен иш алып баруу, өз алдынча жазууну уюштуруу этаптарында окуучулар менен алынып барыла турган жумуштардын түрлөрү, аларды жүргүзүүдө мугалим эске ала турган методикалык маселелер белгиленди. Макалада белгиленген педагогикалык шарттардын жүзөгө ашырылышы менен окуучулардын жазууга болгон ишенимин арттырып, алардын өз алдынчалуулугун жогорулатууга, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө болот деген жыйынтык чыгарылды.*

***Негизги сөздөр:*** *чыгармачыл жазуу, педагогикалык шарттар, балдар чыгармачылыгы, жазууга үйрөтүүнүн этаптары, чыгармачыл жазуунун баскычтары, жанрлары, жазуу ишинин үлгүлөрү.*

*В статье рассматриваются вопросы обучения учащихся начальных классов творческому письму. Предметом исследования было творческое письмо учащихся. Выявлены проблемы в этом направлении и перечислены педагогические условия для их решения. В качестве методической помощи учителям были продемонстрированы этапы работы по формированию и развитию творческих работ учащихся в начальных классах, а также виды выполняемых в ней работ. Отмечены виды работ, которые необходимо проводить на этапах работы с готовыми образцами творческого письма, работы с опорными образцами, организации самостоятельного письма, а также методические вопросы которые учитель должен учитывать при их выполнении. Сделан вывод о том, что реализуя указанные в статье педагогические условия, можно повысить уверенность учащихся в письменной речи, повысить их самостоятельность, развить творческое мышление.*

***Ключевые слова:*** *творческое письмо, педагогические условия, детское творчество, этапы обучения письму, этапы и жанры творческого письма, образцы письменных работ.*

*The article studies the issues of teaching creative writing to primary school students. The subject of the study was the creative writing of students. Problems in this direction are revealed and pedagogical conditions for their solution are listed. As a methodological aid, the stages, and types of work on the formation and development of creative writing skills of students in the primary grades were proposed for teachers. The types of work that need to be carried out with students at the stages of working with samples of creative writing, working with reference samples, organizing independent writing, as well as methodological issues that the teacher should consider, are noted. It is concluded that by implementing the pedagogical conditions indicated in the article, it is possible to increase students' confidence in written speech, increase their independence, and develop creative thinking.*

***Key words:*** *creative writing, pedagogical conditions, children's creativity, stages of teaching writing, stages and genres of creative writing, samples of written work.*

Бүгүнкү санариптик технология өнүккөн коомдо башталгыч мектепте окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү маселеси ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылууда. Алардын катарында жазуу кебин өнүктүрүү, чыгармачыл жазууга үйрөтүү учурда актуалдуу маселе болуп келет. Бул окуучулардын китеп окуусуна, окуганын түшүнүүсүнө, мугалимдердин бул багытта колдонгон окутуу ыкмаларына ж.б. бир топ шарттарга байланышат.

Чыгармачыл жазуу баланы белгилүү бир темада, формада мазмундуу тексттерди түзүүгө, аны түзүү үчүн окуган/уккан маалыматтарын, окуяларды аң-сезиминде талдап, алардын ичинен зарыл болгонун өзүнүн айтайын деген пикири менен системалаштырууга үйрөтөт. «Окуучулардын ар кандай окурман түшүнө ала турган мазмундуу тексттерди түзө алышы, ар бир окурманга тема, окуялар, алардын айланасындагы дүйнө жөнүндө өз ой-пикирин айтууга мүмкүнчүлүк берет» [2, 3-б.]. Мындай ой жүгүртүү бала үчүн татаал процесс болуп саналат. Мына ошондуктан башталгыч мектепте окуучулардын чыгармачыл жазуусун өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

Балдар чыгармачылыгы алгач оозеки айтып берүүдөн башталып, андан кийин жазуу түрүнө өтөт. Мындагы жазуунун татаалдыгын анын белгилүү бир структурага ээ болушу, мазмундун бир темага багытталышы, тилдик каражаттардын тандалышы сыяктуу жагдайлар түзөт. Окумуштуу Л.С. Выготский бул учурда балдар чыгармачылыгын сырттан багыттап,

шыктандырып жана алардын көз карашынан баалоо зарыл экендигин белгилеген [3, 295-б.]. Мында мугалимдин чыгармачылыгы, методикалык чеберчилиги чоң мааниге ээ экендигин айтпай кетүүгө болбойт. Бул багытта USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору башталгыч класстын мугалимдерине методикалык жактан чоң жардам көрсөтүп келет.

Долбоордун алкагында башталгыч класстардын мугалимдерине колдоо көрсөтүү максатында сабактарга байкоо жүргүзүлгөн учурда окуучуларды чыгармачыл жазууга үйрөтүүдө төмөнкүдөй көйгөйлөр аныкталды:

1. Мугалимдер чыгармачыл жазуу иштерин жүргүзүү методикасынан кыйналышат. Жазуу ишинин жогоруда белгиленген, колдонулуп келе жаткан эле түрлөрүн жаздырууда да окуучуларга оозеки түшүндүрмө берилип, натыйжада балдар чыгармачылыгы аксап келет.

2. Башталгыч класста чыгармачыл жазуу ишинин чектелген эле түрлөрү колдонулат. Тактап айтканда эссе, жомок, синквейн жазууну гана кездештирдик.

3. Чыгармачыл жазуу процессинин баскычтары эске алынбайт. Көпчүлүк учурларда даярдык көрүү, негизги баскычтар жүргүзүлбөй туруп эле, дароо өз алдынча жазуу ишинин жыйынтыктоочу варианты талап кылынат.

4. Мугалимдер окуучунун чыгармачыл ишин баалоодо андагы грамматикалык каталарга көп маани беришет, көп учурда мазмунун талдоо, аны жакшыртуу сунуштары айтылбайт, шыктандырууга көңүл бурулбайт, мазмунга багытталган баалоо критерийлерин коюудан кыйналышат. Ошондой эле окуучулардын чыгармачыл жазуусунун өнүгүшүнө мониторинг жүргүзүлбөйт.

5. Окуучулар көнүмүш адат боюнча, чыгармачыл жазуунун эң жөнөкөй үлгүлөрүн гана жаза алышат. Аларга мугалим чыгармачыл жазуунун кайсы түрүн ачык түшүндүрүп берген болсо, кайсы түрү класста практикаланса, ошону жаза тургандыгы белгилүү.

Бул көйгөйлөр окутуу процессин уюштуруучулардын алдына бир катар маселелерди коёт. Белгилүү болгондой, балдардын чыгармачыл жазуусун жаратуу жана өнүктүрүү үчүн жагымдуу дем берүүчү чөйрө, тиешелүү ички жана сырткы шарттар зарыл. Аталып өткөн көйгөйлөрдү чечүү жана окуучулардын чыгармачыл жазуусунун өнүктүрүү үчүн зарыл педагогикалык шарттар катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Окуучулардын чыгармачыл ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында мугалимдердин кесиптик чеберчиликке ээ болушу. Мугалим окуучулардын чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө багытталган окутуу чөйрөсүн уюштура алууга тийиш. Мында педагогдон окуучулардын чыгармачылыгын жаратууга өбөлгө боло турган окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын айкалыштыра билүүсү талап кылынат.

2. Окутуу процессинде балдар чыгармачылыгын колдоого ала турган психологиялык жагымдуу чөйрө түзүү. Балдар чыгармачылыкка кыйналбастан киришип кете тургандай атмосфера түзүлгөндө гана эргип жазышат. Бул үчүн мугалим чыгармачыл жазуу ишинин ар бир баскычын кылдат жүргүзө алуусу, ар бир баскычтагы окуучунун табылгаларына колдоо көрсөтүп турушу маанилүү. Муну менен окуучуда өз чыгармачылыгына ишеним жаралышы зарыл.

3. Окутуу процессинде чыгармачыл жазуунун бир нече түрлөрүн жаза билишине мүмкүнчүлүк түзүү. Бул үчүн башталгыч класстан эле окуучуларга чыгармачыл жазуунун бир нече үлгүлөрү тааныштырылып, аларды жазууга багыт берип, мыкты жазылган үлгүлөрдү класста, мектептин дубал газеталарында жарыялап туруу жакшы натыйжа берет.

4. Окуучулардын чыгармачыл иштерин системалуу жүргүзүү. Психологдор бул багыттагы изилдөөлөрүндө баланын чыгармачылыгы канчалык эрте башталса, ошончолук жемиштүү болорун белгилешет [3, 290-б.]. Балдарга чыгармачыл жазууну ар бир класста, чыгармачылыкты өнүктүрүү мүмкүн болгон бир нече предметтерди өздөштүрүү процессинде жүргүзүп туруу зарыл.

5. Окуучулардын чыгармачыл иштерин баалоо, мониторинг жүргүзүп туруу. Чыгармачыл жазуунун эффективдүүлүгүндө баалоо, натыйжалуу кайтарым байланыш чоң мааниге ээ. «Теманы тандоодон жана башкы идеяны аныктоодон баштап, жазуу ишинин жыйынтыктоочу редакцияланган версиясын сунуштоого чейин кайтарым байланыш берүү жана жалпы процесстин жүрүшүндө баалоо жүргүзүлөт» [2, 40-б.]. Окуучулардын чыгармачыл иштерин сабакта талдоо, алардагы өнүгүүнү тынымсыз көзөмөлгө алып, жыйынтыктарын «авторлорго» тааныштырып туруу аларды жазууга шыктандырат. Мунун натыйжасында окуучунун ишиндеги каталар алар менен биргеликте аныкталып, түзөтүлүп, натыйжада окуучу өзүн өзү баалоого өсүп жетүүгө тийиш.

Мында белгиленген педагогикалык шарттарды жүзөгө ашырууда USAIDдин «Окуу керемет!» долбоору тарабынан иштелип чыккан методикалык колдонмонун мааниси зор. Колдонмодон чыгармачыл жана күн сайын жазуунун байланыштарын, айырмачылыктарын да көрүүгө болот. Мында мугалимдерге жардам катары үчүн төмөнкүдөй методикалык көрсөтмөлөр камтылган:

1. Колдонмодо башталгыч класстарда колдонууга мүмкүн болгон чыгармачыл иштердин төмөнкүдөй жанрлары сунушталган:




Мындагы чыгармачыл иштин ар бир жанрына мүнөздөмө берилип, аларды жүргүзүү боюнча видеопрезентация долбоордун сайтына (https://okuukeremet.com/) жүктөлгөн. Башталгыч класстардын мугалимдери бул мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланып, окуучулардын чыгармачыл иштеринин түрлөрүн байыта алышат.

2. Максаттары жана мазмуну так берилген. Тактап айтканда, чыгармачыл жазууга **даярдоо процесси** окуучуларды тема тандоого, негизги ойду аныктап алууга, жазуу үчүн зарыл материалдарды чогулта билүүгө, план түзүүгө, логикалык ырааттуулукту белгилөөгө үйрөтүү максаттарын көздөп, ушул этапта жүргүзүлүүчү иштердин түрлөрү көрсөтүлгөн. Андан кийинки **негизги баскыч** окуучуларды даярдоо баскычында түзүлгөн планга ылайык ырааттуу текстти түзүүгө үйрөтүү максатын көздөйт. Бул этапта окуучуларга чыгармачыл иштеринин чиймелеп жазган вариантын даярдоо сунушталат. Акыркы **жыйынтыктоочу баскычта** окуучуларды даяр болгон өз ишин текшере билүүгө, жакшыртууга жана редакциялоого үйрөтүү максатында жүргүзүлүүчү иштердин түрлөрү берилген. Биз жогоруда белгилегендей, мугалимдер бул баскычтарды ырааттуу, системалуу жүргүзбөй келишкен: көпчүлүк учурларда даярдоо баскычы эске алынбай, теманы сунуштагандан кийин эле өз алдынча жазууга убакыт берилип, б.а., негизги баскычка өтүп кетишкен; ал эми жыйынтыктоочу баскыч мугалимдин жазуу ишине койгон баасын угузуусу менен эле чектелип келген. Ар бир баскычтагы иштин түрлөрү методикалык көрсөтмөлөр менен коштолгон. Мындан улам башталгыч класстардын мугалимдери колдонмого таянып, бул 3 баскычтагы иштин түрлөрүн ырааттуу жүргүзүү аркылуу окуучулардан чыгармачыл иштердин үлгүлөрүн ала алышат.

3. Чыгармачыл жазууну түрдүү предметтерди окуп-үйрөнүүдө пайдалануу жолдору көрсөтүлгөн. Математика, мекен таануу, адеп, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, көркөм өнөр жана музыка сабактарында чыгармачыл жазууну жүргүзүү боюнча кеңири түшүндүрмө берилген. Бул мугалимдерге адабий окуудан башка сабактарда да окуучулардын чыгармачыл жазуусуна көңүл буруусуна шарт түзөт.

4. Окуучулардын чыгармачыл жазуу иштерине кайтарым байланыштын үлгүлөрү жана баалоо формалары камтылган. Мындан мугалимдер чыгармачыл жазуу иштеринин баалоо критерийлерин чыгара алышат. Иштин мазмунуна багытталган баалоо критерийлери окуучуларга алдын ала берилсе, алар өздөрү эле ошол критерийлерге таянып, чыгармачыл жазуунун сапатын жакшырта алышат.

5. Башталгыч мектептин билим берүү стандарттарынын талаптарын эске алуу менен иштелип чыккан, чыгармачыл жазууну өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу 4 стратегия толук методикалык көрсөтмөлөрү менен берилген. «RACE», «Окуган чыгармага пикир жазуу», «Макта, сура, оңдо», «РАФТ» стратегияларынын ар бир кадамы, өзгөчөлүктөрү толук көрсөтүлгөн [2]. Ал эми бул стратегиялар колдонулган моделдик сабактар менен мугалимдер сайттан (https://okuukeremet.com/) тааныша алышат. Булар мугалимдер үчүн да, окуучулар үчүн да жазуу иштериндеги кыйынчылыктарды жоюуга өбөлгө болот.

Мындан тышкары жогоруда белгиленген педа-

гогикалык шарттарды жүзөгө ашыруу максатында мугалимдерге жазуу ишин жүргүзүүнүн төмөнкү этаптарын сунуштайбыз.

**1-этап: Чыгармачыл жазуу иштеринин даяр үлгүлөрү менен иштөө.** Бул этап окуучуларды жазуу иштеринин мазмуну, структурасы, каражаттары жана формалары менен тааныштыруу максатын көздөйт. Окуучулар чыгармачыл жазуу иштеринин түрлөрү, алардагы тексттин түзүлүшү, өзгөчөлүктөрү боюнча практикалык негизде түшүнүк алууга жетишишет. Бул үчүн мугалим талаптагыдай тексттерди өзү түзүп, же балдар үчүн башка булактардан даяр тексттерди тандап алса болот.

Мында мугалим төмөнкүдөй иштерди жүргүзөт:

а) Туура, талапка ылайык түзүлгөн чыгармачыл жазуу иштеринин үлгүлөрүн окуучулар менен биргеликте талдоо. Мында жазуу ишинин формасы менен таанышышат, ошондой эле анын ар бир структурасына маани берилип, андагы сүйлөмдөрдүн логикалык ырааттуулугуна көңүл бурулат.

б) Окуучулардын жазуу иштеринде көп кайталануучу типтүү каталардын негизинде түзүлгөн тексттер менен иштөө. Т.а., окуучулар көпчүлүк учурларда жазуу ишинин башталышы, ортосу, аягы, же окуялуу текст түзүүдө сюжеттин элементтери боюнча, тексттеги сүйлөмдөрдүн логикалуулугу боюнча каталарга жол беришет. Мугалим ушул каталар кездешкен окуучулардын мурдагы иштеринен мисалга алып, аларды окуучулар менен биргеликте талдоо иштерин жүргүзсө болот. Мисалы,

- Тексттеги абзацтарды (же сүйлөмдөрдү) ырааттуу жайгаштыргыла;
- Берилген текстте кайсы сүйлөмдөр ашыкча? Эмне үчүн?
- Тексттин кайсы бөлүгү жетишсиз? Эмне үчүн?
- Текстте кайталанган сөздөрдү башка сөздөр менен алмаштыргыла ж.б.

**2-этап: Таяныч үлгүлөр менен иш алып баруу.** Биринчи этапта окуучулар чыгармачыл жазуу иштеринин үлгүлөрү менен таанышып, структурасы боюнча түшүнүктөргө ээ болуп калгандыктан, экинчи этапта мугалим сунуштаган таянычтардын негизинде жазууга киришишет. Башкача айтканда, мугалим менен биргелешип жазуу ишке ашат. Бул окуучуда чыгармачыл жазууга болгон ишенимди жаратат.

Мында мугалим окуучулар менен бирге төмөнкүдөй иштерди жүргүзсө болот:

а) Берилген сүйлөмдөрдү улантып, чыгармачыл жазуунун үлгүлөрүн түзүү;

б) Берилген суроолордун негизинде текст түзүү;

в) Окуялуу сүрөттөр боюнча чыгармачыл иштин текстин түзүү;

г) Чыгармачыл жазуу ишинин берилген бөлүгүн улантып жазуу ж.б.

**3-этап: Өз алдынча жазууну уюштуруу.** Бул этапта мугалим жазуу ишинин жогоруда келтирилген 3 баскычына (даярдоо, негизги, жыйынтыктоочу баскычтар) кылдат көңүл буруу аркылуу иш алып барат. Андагы ар бир баскычта жүргүзүлүүчү иштердин үлгүлөрү жана толук көрсөтмөлөрү колдонмодо берилген [2].

Окумуштуу А. Муратов окуучулардын чыгармачыл жазуу иштерин класста талдоо аларды өнүктүрүүгө чоң таасирин тийгизе турганын белгилеп, класстагы дил баяндарды обзордук түрдө жалпылап баалоону жана атайын максатка ылайык айрым бир типтүү дил баяндарды конкреттүү талдоону сунуштаган [5]. Бул окуучулардын өз иштерин жакшыртуусуна таасирин тийгизет.

Жыйынтыктап айтканда, белгиленген педагогикалык шарттардын жүзөгө ашырылышы менен мугалимдер окуучулардын чыгармачыл жазууга болгон ишенимин арттырып, алардын өз алдынчалуулугун жогорулатууга, түшүнүктөрдү талдоо, жалпылоо, системалаштыруу өңдүү ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө жетишет. Булар окуучулардын окуп түшүнүү көндүмдөрүнүн өнүгүшүнө да өбөлгө болот.

**Адабияттар:**

1. Башталгыч класстардагы кыргыз тили жана окуу боюнча предметтик стандарт. КББА. - Бишкек, 2019.
2. Башталгыч мектептеги чыгармачыл жана күн сайын жазуу. USAIDдин «Окуу керемет!» долбоорунун методикалык колдонмосу. Бишкек, 2020. - 166 б.
3. Выготский Л.С. Психология развития ребенка. - М., 2005. - 512 с.
4. Ладыженская Т.А. Живое слово. - М., 1986. - 127 с.
5. Муратов А.Ж. Дил баян – дил сыры, тил сыны. - Бишкек, 2008. - 158 б.
6. Рысбаев С. Окуучунун дил баяны. - Бишкек, 2003. - 144 б.
7. Гапарова Ч.А. Виды грамматических упражнений, развивающие устную и письменную речевую деятельность учащихся начальных классов. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. - С. 187-191.